DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Курбанова Н.У., Алыкулова Г.К.*

# XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ САЯСАТЫ ЖАНА АНЫН ИШКЕ АШЫРЫЛЫШЫ

*Курбанова Н.У., Алыкулова Г.К.*

# ОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ПОЛИТИКА КЫРГЫЗСТАНА НАЧАЛА XX ВЕКА И ЕЕ РЕАЛИЗАЦИЯ

*N.U. Kurbanova, G.K. Alykulova*

# EDUCATIONAL POLICY OF KYRGYZSTAN THE BEGINNING OF THE XX CENTURY AND ITS IMPLEMENTATION

*УДК: 37.014 (575.2)*

*Макалада XX кылымдын башындагы Кеңеш бийлигинин билим берүү саясатынын Кыргызстанда ишке ашырылышынын негизги багыттары жана жыйынтыктары көрсөтүлдү. Ошол мезгилдеги Кыргызстандагы актуалдуу маселелердин бири өлкөбүздөгү сабатсыздыкты жоюу жана маданий-агартуучулук иштерди колго алуу болгон. Бул максатта ар кандай коомдук уюмдар, окуу куралдары, методикалык усулдар, көрсөтмө куралдар, журналдар басылып чыгып коомчулукка таратылган. Кыргызстанда аялдар жана эркектер деп эки бөлүккө бөлүнгөн чоңдор үчүн жалпы билим берүүчү курстардын ачылышы жана бул курстардын негизинде мектептердин калыптанышы ошондой эле, Түркстан Республикасында улуттук педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн эл агартуунун институттары ачылып анда Москвадан Петрограддан келген окутуучу-профессорлордун билим бергендиги тууралуу жазылды жана макалада бул маселелер конкреттүү мисалдардын негизинде көрсөтүлдү. Республикадагы билим берүү мекемелеринин түптөлүшү, өнүгүшү, жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнөн эл чарбасына зарыл болгон кадрларды даярдоого байланышкан мамлекеттин иш-чаралары чагылдырылып анда А.Орозбековдун ишмердиги жана анын сиңирген эмгеги баса белгиленген.*

***Негизги сөздөр:** агартуу, билим берүү, Кеңеш бийлиги, бөлүмдөр, сабатсыздыкты жоюу, окуу китептер, колдонмолор.*

*В статье освещены основные направления и итоги деятельности образовательной политики Советского государства в 20-30 гг. XX в. в Кыргызстане. В выше отмеченный период одним из актуальных задач в республике являлось культурное просвещение и ликвидация безграмотности. Проанализированы вопросы открытия в Кыргызстане ликбезов для взрослых мужчин и женщин, а также становление школ на основе этих курсов, создание в Туркестанской АССР институтов просвещения для подготовки национальных педагогических кадров, также показана деятельность приглашенных преподавателей-профессоров из Петрограда из Москвы на конкретных примерах. Рассматриваются предпринятые государственные меры по подготовке дефицитных кадров из числа местного населения, создание и деятельность созданных в республике образовательных учреждений. Проанализированы труды А.Орозбакова, отмечен его весомый вклад в развитие системы образования Кыргызстана.*

***Ключевые слова:** просвещение, образование, Советская власть, отделы, ликвидация неграмотности, учебники, пособия.*

*The article shows the main directions and results of the activities of the Soviet government in the educational policy of 20-30 years of the twentieth century in Kyrgyzstan. At that time in Kyrgyzstan one of the urgent tasks was cultural enlightenment and elimination of illiteracies. The opening of General education courses for adults in Kyrgyzstan, divided into two parts as men and women, and the establishment of schools based on these courses, as well as the creation of institutes of education of the people in the Turkestan ASSR for the preparation of national pedagogical personnel, where it is written about the teaching of teachers-professors from Petrograd from Moscow and these issues are reflected in the article on specific examples. The article reflects the establishment of educational institutions in the Republic and their development, the state measures taken to train scarce personnel from the local population and the significant contribution and works of A. Orozbakov.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***Key words:*** *enlightenment, education, Soviet power, departments, elimination of illiteracy, textbooks, manuals.*

Эгемендүүлүккө жеткен кыргыз элинин тарыхы билимдүү кыргыз жаштары менен дайыма толукталып, бүтүндөлүп коомду алдыга жылдыруудагы чоң ийгиликтерди жаратып келет. Мына ушундай билимдүү кыргыз кадрларынын пайда болушу, албетте, XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кеңеш бийлигинин жүргүзгөн саясатына түз байланышта.

XX кылымдын өзөктүү окуясы болгон Улуу Октябрь революциясы Орто Азия элдеринин анын ичинде кыргыз элинин өнүгүү жолун түп-тамырынан өзгөртүп, социалдык-зкономикалык жана коомдук-саясий жактан эле эмес агартуучулук жана билим берүү жактан да чоң жетишкендиктерге жеткизди. Буга чейин Орус империясынын колониясы катары жашап келген кыргыз калкынын 0,6%ын гана кат тааныган сабаттуу эл катмары түзүп келген, башкача айтканда, 1000 кыргызга 6 гана кат тааныган сабаттуу адам туура келген, ал эми аялдардан жокко эсе болгон [1].

Мындай сабатсыз болгон калың эл катмарына билим берүү боюнча алардын сабатсыздыгын жоюу иштери, Кеңеш бийлигини орношунун алгачкы күнүнөн баштап эле колго алына баштаган. Түрк АССРинин V-съездинде (1918-ж. апрель) агартуучулук иштерин жүргүзүү боюнча элге билим берүү Комиссариаты түзүлүп, Кыргызстанда 1918-жылдын биринчи жарымында элге билим берүүнүн уездик бөлүмү ачылып, сабатсыздыкты жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Кыргыз эли жергиликтүү кеңеш бийлигине чоңдордун сабатсыздыгын жоюу үчүн мектептерди ачып берүүнү жана кечки курстарды уюштуруу сыяктуу өтүнүчтөр менен кайрылышкан. Ошентип, Кыргызстанда алгачкы жолу 1919-жылы январь айында Пржевальскиде аялдар жана эркектер деп эки бөлүккө бөлүнгөн чоңдор үчүн жалпы билим берүүчү курсу ачылган. Анда З. Нигматуллин жана А.Абдурахмановдор сабак өтүшүп, 484 адам сабатсыздыгын жоюу үчүн бул курстарда окушкан, мындан сырткары, 1918-1922-жж. Жети-Өгүз ревкомунун мүчөсү, облустун «Кошчу» союзунун төрагасына орун басары болуп иштеген И.Арабаев Жети-Өгүздө 1-мугалимдер курсун уюштурган.

1920-жылы 17-ноябрда Туркстан АССРинин сабатсыздыкты жоюуу боюнча кабыл алган декретинин негизинде 8 жаштан 40 жашка чейинки жазганды жана окуганды билбеген элдердин бардыгын милдеттүү түрдө билим алууга милдеттендирилген. Ошол мезгилде кыргыздардын 96,5% сабатсыз болгон [2].

Жер-жерлерде сабатсыздыкты жоюу боюнча комиссиялар түзүлүп уюштурулган. 1921-жылдын апрель айындагы Түркстан Компартиясынын уездик-шаардык комитетинин отчетунда белгиленгендей Караколдо 954, Пишпектеги 59 чоңдор үчүн мектептерде 2376 адамдардын окугандыгы жөнүндө маалымат айтылган. Ошондой эле 1921-жылдын жай айларында Караколдо аялдар үчүн 3 мектеп ачылып, анда 148 аял билим алган. Сабатсыздыкты жоюуда окуу китептери, окуу куралдары жада калса жазуу үчүн кагаз да жетишкен эмес. Кыргыздардын өз эне тилиндеги жазуусу да болгон эмес, ошондуктан Кыргызстандын түндүк уездиндегилер татар жана казак тилдеринде, түштүк райондорунда өзбек жана татар тилдеринде окутуу жүргүзүлгөн. Бирок мындай кыйынчылыктарга карабастан кыргыз эли мектеп жок болсо ачык асман алдында сабак өтүлүп, кагаздын ордуна терилерге жазышып, калемдин ордуна отундун күйүктөрүн пайдаланышып билим алууга умтулушкан [3].

1919-1920-жылдары Түркстан Республикасында улуттук педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн эл агартуунун 7 институту ачылып, анын ичинен Ташкентте 3 институт кыргыз-казак педагогикалык кадрларын даярдаган. Мындай ачылган институттарга ошол кезде Пишпек уездинен - 4 кыргыз, Пржевальскиден - 6, Нарындан - 5, Олуя атадан - 7 кабыл алынган. Бул окуу жайда аларга жогорку жана орто кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү үчүн Москвадан жана Петрограддан жиберилген профессор жана окутуучулардан билим беришкен.

1921-жылы жергиликтүү улуттардын ичинен мугалимдерди даярдоо өзгөчө колго алынган. Бул үчүн Верный (Алма-Ата) шаарында кыска убакыттагы казак-кыргыз курстары уюштурулуп, аны 110 адам бүтүрүп чыккан. Ушул эле жылдын жай айында Караколдо педагогикалык курстар ачылып аны 115, Ошто 3 айлык уездик-шаардык курстар ачылып андан 100 адам бүтүрүп мугалимдик адистиктерге ээ болушкан. Мындан сырткары Ош уездинин элге билим берүү бөлүмү тарабынан Ташкентке мугалимдик курска 25 жана Андижанга 40 адам жөнөтүлгөн [4].

1922-жылы Түркстан АССРи РСФСРдин курамынан чыгарылып, СССРдин курамына киргизилген. Кийин 1924-жылы 5-апрелде РКП (б) БКнын Саясий бюросу улуттук-аймактык белгилери боюнча Орто Азияны ажырымдаштыруу жөнүндө токтом кабыл алынып, ал РКП (б) БКнын 1922- жылдын 12-июнундагы токтомунда, Орто Азияны улуттук-мамлекеттик ажырымдаштыруу жөнүндө деп аталат. Түркстан Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетинин 1924-ж. сентябрындагы кезексиз сессиясында кара-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кыргыз элинин Түркстан АССРинин курамынан чыгарылып, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономдуу облусун түзүү жөнүндө өтүнүчүн канааттандырылып, чечим чыгарылат. Ошентип 1924-жылы 14-октябрда Кара Кыргыз автономдуу облусу түзүлгөн. Жаңыдан түзүлгөн облус аймактык-административдик жактан Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад деген 4 округга бөлүнгөн. Пишпек округунда 20, Каракол-Нарын округунда 16, Ош округунда 20, Жалал-Абад округунда 10 болуштук болгон. Алар ич ара жашаган улуттары боюнча болуштуктарга жана айылдык кеңештерге бөлүнүшкөн. Ал убакта облустун аймагында 737 миң адам жашаса, алардын 63,5%ы - кыргыздар, 16,8%ы - орустар, 15,4%ы - өзбектер, 1,3%ы - казактар болушкан. Ошол убакта КАОнун аймагы 172 миң чарчы километрди түзгөн. Улуттук мамлекеттигибиздин советтик мезгилдеги тарыхындагы мындай окуя кыргыз эли үчүн дем күч берип андан ары өнүгүүсүнө шарт түзгөн.

1925-жылы март айында жергилктүү Советтерге шайлоо учурунда Кыргызстандын советтеринин уюштуруу съездине делегаттар шайланышып Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Советтеринин уюштуруу съезди 27-30-мартта өз ишин баштаган. Съездге 135 делегат катышып, кыргыздар – 81, орустар – 29, украиндер – 3 жана башка улуттун өкүлдөрү – 14 киши болгон.

Делегаттардын орчундуу көпчүлүгү 63% баштапкы, 23% орто билимдүүлөр болгон. 6 жогорку жана бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр, 11 делегат медресени бүтүрүшкөндөр, ал эми 5 делегаттын эч кандай билими жок болгон. Ушул делегаттардын ичинен 1925-жылдын 31-мартында Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун БАКтын төрагалыгына депутаттар тарабынан, 1916-жылы Анжияндагы тополоңго катышкан, кийин 1917-жылдын 1-январынан, 4-январга чейинки болгон Ферганадагы иш таштоону жетектеген, ошол эле Фергананын Чоро мааласындагы комуннанын төрагасы, контрреволюциячыл күчтөргө каршы активдүү күрөшкөн, басмачылар менен жан аябай салгылашкан, мекенчил, жүрөгү кыргыз деп соккон улуттун намысына жаралган, ак ниет эмгеги менен өзүн кыргыз тарыхында калтырган, реппрессиянын курмандыгына кабылган Абдыкадыр Орозбеков шайланган.

А.Орозбеков өзбек жана орус тилдерин жакшы билген, 1927-жылы ВКП(б)нын Орто Азия бюросунун алдындагы партиялык-советтик курулуштун 3 айлык курсун бүтүргөн [5].

Кыргыз элинин автономдуу облуска ээ болушу менен өлкөбүздөгү сабатсыздыкты жоюу жана маданий-агартуучулук иштери тез темп менен колго алынып "Сабатсыздык жоюлсун" коому түзүлүп, ликбездик мектептер үчүн окуу китептери, окуу куралдары, методикалар иштелип чыккан жана 1925-жылы орус тилиндеги "Сабатсыздык жоюлсун" алиппесинен - 2510, "Сабатсыздык жоюлсун" журналынан - 290, кыргыз тилиндеги - 975 алиппе, уйгур тилинде - 140 жана казакча - 275 алиппенин нускасы басылып калкка таркатылат.

1924-жылдын 7-ноябрында кыргыз тилинде биринчи жолу чыккан «Эркин Тоо» газетасы улуттук жазууну өнүктүрүүнүн алгачкы барчыны болду. Ошол кезде облустук ревкомдун мүчөсү, илим комиссиясынын төрагасы, «Эркин-Тоо» гезитинин редколлегия мүчөсү болгон К.Тыныстанов араб графикасынын негизинде тунгуч кыргыз алфавитин түзүп, «Кыргыз алиппесин» жазган. Грамматика жана табият таануу боюнча 1-кыргызча окуу китебин түзүп, 1925-ж. «Сабатсыз чоңдор үчүн алып-бээни» түзгөн. Окуу китептерин, колдонмолорду жазган жана көп китептерди которгон. Ал жер жерлерди кыдырып, жаштарды окууга, билим алууга чакырган.

Ошентип, 1924-1925-жылдары 177 ликбездик мектептер ачылып, анда 5740 адам окуп 3000 адамы (анын ичинде кыргыздар 1731) бүтүрүп билим алышкан. Ал эми 1925-1926-жж. ликбездик мектептер 246га жетип, анда 8848 адам (4116 кыргыздар) окуган. Бирок мындай көрүнүш дагы деле болсо элдин сабатсыздыгын жоюуда канаатандыра алган эмес.

Жусуп Абдрахманов 1927-жылы кыргыз обком партиясынын VI пленумунда аппаратты жергиликтештирүү талкууга алынганда ал бул тууралуу мындай деген: «Съезддин эрки боюнча мен президиумга шайландым. Докладымды окуп бүткөндөн кийин эс алууда кокусунан мага Владимир Ильич кайрылып калды. Кайдан экенимди сурады. Мен жооп бердим, бирок дароо алдастап калганымды жашырбайм. Анда мен лениндик эмгектерди али окуй элек болчумун. Суроолордун бири мындай эле: «Сиздерде орус калкынын пайызы канчалык?» Мен: беш пайыздын тегерегинде деп жооп бердим. Калгандары кимдер? Казактар жана кыргыздар. Силердеги сабаттуу калктын пайызы канчалык? 2 пайызга жакын. Калгандары эмне, сабатсызбы? Силердин советтик аппарат кайсыл тилде иштешет? Мен – орус тилинде деп жооп бердим. Мага бул табигыйдай, аппарат башка тилде иштеши мүмкүн эместей туюлчу. Владимир Ильичтин өңү өзгөрө түшүп, мындай деди: «Жолдоштор, сиздер социалисттик революцияга кыянат жасап жатасыздар. Көпчүлүк калк үчүн чоочун тилде сүйлөгөн аппарат, көпчүлүккө түшүнүксүз аппарат, калың калктын кү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нүмдүк суроолоруна сезимсиз аппарат эл менен байланыша алышы мүмкүн эмес…, андыктан сиздердин тапшырмаңар окуу, окуу жана жакынкы убакта советтик аппарат аймактын көпчүлүк эли үчүн жакын жана боордош болуп калгыдай болуп иштөө…» [6].

Кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюуда албетте тамга таануу маселеси чоң тоскоолдуктарды жараткан. Окутууда колдонулган араб тамгасы элдин калың катмарында эске тутууда жана кабыл алууда кыйынчылыкты пайда кылып араб тамгасынын ордуна латын тамгасына өтүшкөн. Ушундай кыйын кырдаалда асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтырып, кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгышып, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу иштерине кыргыздан чыккан К.Тыныстанов сыяктуу окумуштуулар да катышкан.

1928-жылы 1-беш жылдыктын пландары жарыяланып, калкты аны аткарууга мобилизациялоо башталган. Алыскы булуң-бурчтардагы, жайлоолордогу эл менен иштешүү үчүн жайлоо кеңештери уюштурулган. Ошол убакта республикада сабатсыздыкты жоюуга багытталган иштер массалык көрүнүшкө айланып, кеңири кулач жайганга өткөн. Мектептердин башталгыч, 1-баскычтагы, 2-баскычтагы, 3-баскычтагы, 8 жылдык, 10 жылдык деген 5 баскычтуу системасы түзүлгөн.

1930-жылы республикада сабатсыздыкты жоюу эпкиндүү милдеттердин бири катарында жарыяланып, ал максатта 70 миң нускада окуу куралдары чыгарылган. 1930-жылдын 15-июнунан “Сабаттуу бол” деген атайын газета бир айда үч жолу 5000 нускада чыгарылган. “Сабатсыздык жоюлсун” деген республикалык уюм кайра уюштурулуп, күчтөндүрүлгөн. Сабатсыздыкты жоюу боюнча пункттар, кызыл үйлөр, кызыл чайканалар, кызыл бурчтар, кызыл кырмандар, аялдар жана жумушчулар клубдары ж. б. д. у. с. уюштурулуп, ага эс тарткан жарандардын басымдуу көпчүлүгү тартылган. Кыргыз тилиндеги басылмалардын нускаларын көбөйтүү партиялык уюмдардын негизги милдеттеринин бири катарында жарыяланып, алар көп жерлерде “Алиппе” катарында пайдаланылган. Ошол убактагы ураандардын бири: “Сабаттуу! Он сабатсыздын сабатын жой!” деген чакырык болгон. 1929-жылы Кыргыз педтехникуму алгачкы 21 бүтүрүүчүсүн, кийинки жылы 47 бүтүрүүчүсүн чыгарган. Алардын арасында А. Малдыбаев, Г.Айтиев, К. Жантөшев, М. Элебаев, У.Абдыкаимов, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, А.Осмонов, М.Абдукаримов, М.Алыбаев, Р.Шүкүрбеков жана башкалар болушкан.

Мындай иштердин жүргүзүлүшү революцияга чейинки кыргыз элинин сабаттуу бөлүгүнүн 6% гана түзсө, 1932-жылы 62% га жеткен.

**Адабияттар:**


1. Данияров С. Борьба Компартии Киргизии за всеобщую грамотность. - Ф., 1980. - 43 с.
2. Токтогонов С. Установление и развитие социалистической культуры Советского Киргизстана (1918-1958 гг.) - Ф., 1972. - 20 с.
3. Данияров С. Борьба Компартии Киргизии за всеобщую грамотность. - Ф., 1980. - 61 с.
4. Данияров С. Борьба Компартии Киргизии за всеобщую грамотность. - Ф., 1980. - 65 с.
5. Самиева Ж. Орозбеков А. - мамлекеттик ишмер жана улуттук интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлү. - Б., 2009. - 14 с.
6. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письмо к Сталину. - Ф., 1991. - 11 с.